Ош мамлекеттик университетинин STEM инновациялык колледжинин информациялык -коммуникациялык дисциплиналар циклынын отурумунун

**№2 Протоколу**

**Күнү**: 05.09.2023

**Саат:** 10:30

**Катышкан окутуучулар:** К.К.Шакиров, Абжапарова У.А., Капарова А.А., Молдалиева Ж.М, Рахманберди кызы Мырзагүл, Адилбекова Н.А., Усөн кызы Мирада, Абдималик кызы Нуржан, Маматкалыл кызы Бурул, Арынов Д.А., Каныбек уулу Мирлан, Жумабек кызы Гүлбурак, , Төрөбекова А.А., Токсонбай уулу Куткелди, Абжапарова Н.А., Асанов Бектур.,

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. Циклдын структуралык курамын бекитүү
2. 2023-2024-окуу жылы үчүн ОшМУнун 6-бюллетени боюнча циклдын окуу жүктөмдөрүн бекитүү.
3. 2023-2024-окуу жылы үчүн күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмү боюнча дисциплиналардан ОМКларды талкулоо жана бекитүү.
4. Циклдын методикалык кеңешинин иш планын, ачык, өз ара сабактарга катышуунун жана көзөтүүсүнүн графигин бекитүү.
5. Ар түрдүү маселелер.

**1-маселе боюнча:** Циклдын структуралык курамын бекитүү

**Угулду:**

**1-маселе боюнча:** ИКД циклдык комиссиясынын төрагасы К.К.Шакиров - окутуучуларды циклдын жылдык планы боюнча түзүлгөн негизги иш чаралар менен тааныштырды, б.а. циклдын окуу-усулдук, илимий-изилдөөчүлүк жана коомдук-тарбиялык иштердин багыттарын айтуу менен азыркы билим берүүнүн стандартына жана заманбап талаптарына ылайык кызыктар тараптар менен иштөө багыты боюнча да бир жылдык милдеттер коюлгандыгына токтолду. Ошондой эле циклдын структуралык курамын бекитүүнү сунуштады

**Сөзгө чыккандар**:

- **окутуучу Рахманберди кызы Мырзагүл**: Структуранын курамын бекитүүдө иштей турган, жоопкерчиликтүү окутуучуларды көрсөтөлү.
- **окутуучу Абдималик кызы Нуржан**:2022-2023-окуу жылдагы иштеген курам ошол боюнча калуусун сунуштайм.

Циклдын мүчөлөрү жогорудагы маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй чечим кылат

**Чечим**:

1. Окутуучулардын сунуштары эске алынсын;
2. Циклдын структуралык түзүмү төмөнкү курамда бекитилсин:

- окуу-усулдук иштер боюнча окутуучу Молдалиева Жазгүл;
- илимий-изилдөө иштери боюнча Капарова Айжамал;
- практикаларды уюштуруу боюнча окутуучу Рахманберди кызы Мырзагүл;
- профсоюздук комитет окутуучу Абдималик кызы Нуржан;
- бүтүрүүчүлөр жана иш берүүчүлөр боюнча Торобекова Айзада;
- сайтка жооптуу Каныбек уулу Мирлан.

**2-маселе. 2023-2024-окуу жылы үчүн ОшМУнун 6-бюллетени боюнча циклдын окуу жүктөмдөрүн бекитүү** ИКД циклдык комиссиясынын төрагасы К.К.Шакиров: 2023-2024-окуу жылы боюнча жалпы саат жүктөмдөрү ОшМУнун 6-бюллетени боюнча пландаштырылганын айтып өттү. Ошондой эле иш берүүчүлөр менен тыгыз байланышта болуу максатында 0,25 ставка саат бөлүнгөндүгүн айтып өттү.

**Сөзгө чыккандар**:

-**окутуучу А. Капарова**: жалпысынан саат жүктөмдөрү ОшМУнун 6-бюллетени боюнча пландаштырылганы жана 2023-2024-окуу жылы үчүн саат жүктөмдөрү бекитилсин деп сунуштайм.

-**окутуучу У.Абжапарова:** саат жүктөмдөрү пландаштырууда жаш окуутучулар лекторлорго ацистент катары кошуулса жакшы болмок.

**Циклдын мүчөлөрү жогорудагы маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй чечим кылат**

1. 2023-2024-окуу жылы үчүн циклдын окуу жүктөмдөрү бекитилсин;
2. Чечимди ишке ашыруу жагы Ж.Молдалиевага жүктөлсүн.

**3-маселе.** 2023-2024-окуу жылы үчүн күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмү боюнча дисциплиналардан ОМКларды талкулоо жана бекитүү.

**Угулду:**

**3-маселе боюнча**: ИКД циклдык комиссиясынын төрагасы К.К.Шакиров: цикл бүтүрүүчүлөрдү жетектөөчү жана тейлөөчү кызматты аткара тургандыгын, АСОИУ жана Колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистиктериндеги дсциплиналардын ОМК (жумушчу программа, силлабус, баалоо каражаттарынын фонду, баалоонун критерийлери) болуш керектигин белгиледи.

**Сөзгө чыккандар**:

- **окутуучу Ж.Молдалиева**: жалпысынан бардык предмететр боюнча ОМКлар иштелип чыккан. Бирок айрым предметтер жаңы кошулгандыгына байланыштуу ОМКларды кайрадан карап чыгуу зарыл.

**-окутуучу: Абдималик кызы Нуржан** даярдалган ОМКда аннотация болуш керек жана рецензияларды алуу керек. Мүмкүн болушунча жаңы адабияттарды, окутуунун инновациялык жана интерактивдик методдорун пайдалануу зарыл.

**Циклдын мүчөлөрү жогорудагы маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй чечим кылат**

1. Циклга караштуу дисциплиналар боюнча жазылган ОМК жалпысынан бекитилсин жана №19 бюллетени аралыктан окутуу боюнча тактоолор менен толукталсын;
2. Дисциплиналар боюнча түзүлгөн Силлабустар студенттерге берилсин
3. Чечимди ишке ашыруу жагы Ж.Молдалиевага жүктөлсүн.

**4-маселе боюнча**: ИКД циклынын окутуучусу Ж.Молдалиевага 2023-2024-окуу жылынын 1-семестри үчүн ачык сабакка жана өз ара сабактарга катышуу боюнча график түзүү жана бекитүү керектигине токтолду.

Сөзгө чыккандар:

- **окутуучу У.Абжапаров**а : Негизи ар бир сабак ачык сабактай өтүүлүсү керек. Менин ар бир өтүлгөн сабактарым ачык болот калоочулар катышып, анализ жазсаңар болот.

- **окутуучу Рахманберди кызы Мырзагүл**: азыркы учурда сабактар жүрүп жаткандыгына байланыштуу кайсы күнү сабак өтүлгөнүн жөнөтсөңөр сабагыбыз жок убакытта катышып тажырыйба алмашалы жана жаны окутуучулар бизден тажырыйба алышсын.

- **окутуучу** Арынов Данияр: Ачык сабактын 1-семестри үчүн графигин бекитүүнү сунуштайм.

4-маселе боюнча чечим кабыл алынсын:

1. Окутуучулардын сунуштары эске алынсын
2. Ачык сабактын жана өз ара сабакка катышуунун графиги түзүлсүн жана бекитилсин.

**4. Ар түрдүү маселелер.**

**Угулду:** ИКД циклдык комиссиясынын төрагасы К.К.Шакиров: 2023-2024-окуу жылында билим берүү программалары көз карандысыз аккредитациядан 1 жыл сыноо менен өткөнбүз. Эксперттик комиссиянын жүргүзүлгөн көз карандысыз аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча сунуштарды жана кемчиликтерди ар бир стандартка жооптулар талкулап, кемчиликтерди жоюуу максатында иш алып баруу керектигине токтолду. Ошондой эле 1-стандарт боюнча төмөндөгүдөй сунуштар берилген:

1. Университеттин, колледждин миссиясы жөнүндө ички жана сырткы кызыкдар тараптарга маалымдоо иштерин жүргүзүү.
2. Колледждин миссиясын жана ресурстук камсыздоону эске алуу менен ББПнын стратегиялык өнүгүү планын өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүү жана өзгөртүүлөрдү киргизүү.

1-стандат боюнча: Университеттин, колледждин миссиясы жөнүндө ички жана сырткы кызыкдар тараптарга маалымдоо иштерин жүргүзүлүп жата дагы да малымдоо иштерин жүргүзүү зарыл.
Аккредитациялык агенттикттин сунушун жана ОшМУнун 2023-жылындагы №541,ФХД/23 буйругунун негизинде бекитилген 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү планын эске алуу менен ББПнын стратегиялык өнүгүү планын өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүү жана өзгөртүүлөрдү киргизүү керектигине токтолду.

**Сөзгө чыккандар**:

**- окутуучу** Рахманберди кызы Мырзагул: биз 2-стандартка жооптуу болгонбуз 2-стандарт боюнча төмөндөгүдөй сунуштар берилген:

1. Башка окуу жайлар менен байланыш түзүү тажрыйбаалуу максатында
2. Конок лекцияларды уюштуруу
3 . Окутуучулардын квалификациясын жогорулутуу ж.б

2-стандарт боюнча кемчиликтрди жоюуу боюнча иш алып барып жатабыз. Окутуучулар адистик боюнча квалификация жогорулатуу максатында атайын курстарга катышып жатышат.

- **окутуучу: Жумабек кызы Гулбурак**: биз 3-стандартка жооптуу болгонбуз 3 стандарт боюнча төмөндөгүдөй сунуштар берилген:

1. НКББПсы боюнча окутуунун натыйжаларын кайрадан карап чыгуу
2. Жумушчу программа түзүүдө жаш окутуучуларга семинар өтүү.
3. Иш берүүчүлөр жана студенттер менен биргелките окутуунун натыйжаларын талкулоо.

3-стандарт боюнча кемчиликтерди жоюуу боюнча иш алып барып жатабыз. Окутуучулар жана студенттер менен НКББПры талкуланган, эми иш берүүчүлөр менен талкулоо максатында атайын иш чара уюштурууну сунуштайм.

- **окутуучу: Арынов Даниярбек-** биз 4-стандартка жооптуу болгонбуз 4 стандарт боюнча төмөндөгүдөй сунуштар берилген:

1. Башка колледждер менен академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу

2. Компьютердин жардамында студенттердин билимин баалоо максатында атйайын механизм иштеп чыгуу.

3.Иш ордунда окутууну уюштуруу.

4-стандарт боюнча кемчиликтерди жоюуу боюнча иш алып барып жатабыз. Башка колледждер менен академиялык мобилдүүлүк жүргүзүү максатында келишимдер түзүлүп жатат.

**окутуучу: Арынов Даниярбек** - биз 4-стандартка жооптуу болгонбуз 4 стандарт боюнча төмөндөгүдөй сунуштар берилген:

1. Башка колледждер менен академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу

2.Компьютердин жардамында студенттердин билимин баалоо максатында атйайын механизм иштеп чыгуу

3.Иш ордунда окутууну уюштуруу

4-стандарт боюнча кемчиликтерди жоюуу боюнча иш алып барып жатабыз. Башка колледждер менен академиялык мобилдүүлүк жүргүзүү максатында келишимдер түзүлүп жатат.

**окутуучу: Мамматкалыл кызы Бурулай** - биз 5-стандартка жооптуу болгонбуз 5 стандарт боюнча төмөндөгүдөй сунуштар берилген:

1. окутуучуларды квалификациясын жогорулатуу боюнча курстарга жөнөтүү

2. Окуу усулдук методикалык китептирди даярдоо

3. Академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу

5-стандарт боюнча кемчиликтерди жоюуу боюнча иш алып барып жатабыз. Башка колледждер менен академиялык мобилдүүлүк жүргүзүү максатында келишимдер түзүлүп жатат.

**окутуучу: Камил уулу Артур** - биз 6-стандартка жооптуу болгонбуз 6 стандарт боюнча төмөндөгүдөй сунуштар берилген:

1. Жаны окуу корпусуна көчүү

2. Материалдык техникалык базаны чыңдоо

3. Китеп каана фондун түзүү

4. Инклюзивдүү окууга шарт түзүү

6-стандарт боюнча кемчиликтерди жоюуу боюнча иш алып барылып жатат. Окуу корпус боюнча ректоратка билдирүү берилди.

**окутуучу: Муратбек кызы Гулдана** - биз 7-стандартка жооптуу болгонбуз 7 стандарт боюнча төмөндөгүдөй сунуштар берилген:

1. Иш берүүчүлөр менен шаар ичинде гана эмес айыл аймактар менен де келишимдерди түзүү

2.Электрондук журналга студенттерге гана эмес, ата-энелер да кирүү мүмкүнчүлүгүн түзүү.

3. Бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштыруу боюнча иштерди алып баруу

4. Практика учурунда студенттер менен жетекчилер тыгыз байланышта болуу

7-стандарт боюнча кемчиликтерди жоюуу боюнча иш алып барылып жатат. Атайын пландар түзүлдү.

Циклдын отуруму жогорудагы пикирлерди угуп жана талкуулап, төмөндөгүдөй чечим кабыл алды.

**4-маселе боюнча чечим кабыл алынсын:**

1. Окутуучулардын сунуштары эске алынсын;
2. Эксперттик комиссиянын жүргүзүлгөн көз карандысыз аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча сунуштарды жана кемчиликтерди жоюуу боюнча атайын иш план иштелип чыгылып бекитилсин.
3. ББПнын стратегиялык өнүгүү планын өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүлсүн жана өзгөртүүлөр киргизилсин.
4. Чечимди ишке ашыруу жагы цикл башчы жана программа жетекчилерине жүктөлсүн

ИКД циклдык комиссиясынын төрагасы: К.К.Шакиров

Отурумдун катчысы : Жумабек кызы Г.